**2013-жылдын 8-майындагы № 66 Кыргыз Республикасынын Мыйзамы**

# “Экстремисттик аракеттерге каршылык көрсөтүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу

2013-жылдын 4-апрелинде

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

**1-берене.** “Экстремисттик аракеттерге каршылык көрсөтүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2005-ж., № 11, 901-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүү жана толуктоолор киргизилсин:

**1.** 13-статьяда:

2-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Маалыматтык материалдарды экстремисттик деп таануу жөнүндө талабын билдирген прокурордун сунуштамасынын негизинде алар табылган, жайылтылган же мындай материалдарды өндүрүүнү жүзөгө ашырган уюмдун жайгашкан жери боюнча сот тарабынан таанылат.”;

4-бөлүгү “жалпыга маалымдоо каражаттарында” деген сөздөрдөн кийин “, ошондой эле экстремисттик аракетке каршылык көрсөтүүнү жүзөгө ашыруучу юстиция чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын расмий интернет-сайттарында” деген сөздөр менен толукталсын.

**2.** 15-статья төмөнкүдөй мазмундагы 5-бөлүк менен толукталсын:

“Ушул Мыйзамдын 1-статьясынын биринчи бөлүгүндө каралган белгилердин бирин эле камтыган басма сөз, аудио-, аудиовизуалдык жана башка материалдардын (чыгармалардын) автору жана (же) аткаруучусу соттун чечими боюнча экстремисттик аракетти жүзөгө ашырган жак катары таанылат жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жоопкерчилик тартышат (тартат).”.

**2-берене.** Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **А. Атамбаев**